**КЕЛИШИМ №** 7

Кара–Көл шаары « 22 » сентябрь 2025- жыл

Биринчи тараптан И. Раззаков атындагы КМТУнун Кара–Көл шаарындагы филиалынын директору Раиса Акжоловна Өзүбекова, экинчи тарап Кара-Көл шаарындагы Б. Рысбеков атындагы жалпы дарыгерлик практикалоо борборунун директору Абдулбаки Авазбекович Рысбековдун ортосунда төмөнкүлөр жөнүндө ушул келишим түзүлдү;

## 1. Жалпы шарттар

1. И .Раззаков атындагы КМТУнун Кара- Көл шаарындагы филиалында күндүзгү бөлүмүндө окуган студенттерге медициналык колдоо көрсөтүү жана сергек жашоого тарбиялоо максатында биргелешкен кызматашууну ишке ашыруу максатында келишим түзүлөт.
2. Келишимдин мөөнөтү 2025- жылдын 2-сентябрынан тартып 2026- жылдын 30 – июнуна чейин белгиленет.

3. Мөөнөтү бүткөндөн тартып келишим бузулган болуп эсептелет.

## 2. Тараптардын укуктары жана милдеттери

**И. Раззаков атындагы КМТУнун Кара–Көл шаарындагы филиалынын милдеттери:**

- Күндүзгү бөлүмдө окуган студенттер жөнүндө маалыматты толук, так жана өз убагында берип туруу;
- Дарыгерлик практикалоо борборунан келген маалыматтарга жана каттарга өз убагында жооп берүү;
-Филиалдын окуу корпусунда дарыгерлер тарабынан окулуучу лекцияларга шарт түзүп, уюштуруп берүү жана кызматкелердин, студенттердин катышуусун камсыздоо;
- Сергек жашоо акцияларына активдүү катышуу;
-Студенттердин саламатыгына көз салып туруу, өзгөчө учурлар байкалса дарыгерлик практикалоо борборуна кайрылуу жасоо;
- Дарыгерге чейинки жардам көрсөтүү үчүн медпункт уюштуруу жана зарыл каражаттар менен жабдуу;
-Коомдук саламаттыкка тиешелүү болгон медицина кызматкерлеринин дайындоолорун аткарууга милдеттүү.

**И. Раззаков атындагы КМТУнун Кара–Көл шаарындагы филиалынын укуктары:**

күндүзгү бөлүмдө окуган студентерине керектүү медициналык жардам көрсөтүүлүүсүн талап кылууга;
- дарыгерлер менен студенттердин жолугушуусун уюштурууга;
-студенттик медпунктка зарыл болгон учурда медицина кызматкерин чакырууга укуктуу.

**Кара-Көл шаарындагы Б. Рысбеков атындагы жалпы дарыгерлик практикалоо борборунун милдеттери:**

-жарандардын саламатыгын сактоо багытындагы дарыгерлердин лекцияларын өткөрүп турууга;
- филиалдын күндүзгү бөлүмүндө окуган студенттери жөнүндө маалыматты алууга;
-студенттердин саламатыгын сактоого өбөлгө түзүүчү же ага зыяндуу таасир тийгизүүчү факторлор жөнүндө анык жана өз убагында маалымат берүүнү уюштурууга;
-филиалдын медпункттун көзөмөлгө алууга жана зарыл учурда медицина кызматкерин жөнөтүүгө милдеттүү.

**Кара-Көл шаарындагы Б. Рысбеков атындагы жалпы дарыгерлик практикалоо борборунун укуктары:**

-Филиалдын кызматкерлери жана студенттери жөнүндө маалыматтарды өз убагында жана так берүүнү талап кылууга;

-Жеке жана коомдук саламаттыкты сактоо багытындагы көрсөтмөлөрдүн аткарылышын талап кылууга;

-Дарыгерлердин жолугушууларына жана лекцияларынын өткөрүлүшүнө ылайык филиалдын аудитория, окуу залын пайдаланууга укуктуу

Кара-Көл шаары, Сабиров көчөсү 2

И. Раззаков атындагы КМТУнун Кара-Көл шаарындагы филиалынын директору
Өзүбекова Р. А. ____________________
__22__ / __09__ 2025

770225202
0702 204039.

Кара-Көл шаары. Сабиров көчөсү 159

Б. Рысбеков атындагы жалпы дарыгерлик практикалоо борборунун директору
Рысбеков А. А. ____________________
__12__ / __09__ 2025